DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Аширов А.А., Мейманова К.А.*

## МЕКТЕП КУРСУНДАГЫ КӨРКӨМ ӨНӨР ПРЕДМЕТИНИН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЭТАБЫ

*Аширов А.А., Мейманова К.А.*

## ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ ЭТАП ПРЕДМЕТА ИСКУССТВО В ШКОЛЬНОМ КУРСЕ

*A. Ashirov, K. Meymanova*

## THE FINAL STAGE OF THE SUBJECT ART IN THE SCHOOL COURSE

*УДК: 373.52*

*Бул макалада мектеп курсундагы көркөм өнөр предметинин жыйынтыктоочу этабындагы окуучулардын билим, ык, машыгуулары баяндалды. Ошондой эле, программанын койгон талаптарына ылайык жетинчи класстын окуучулары аталган предметти өздөштүрүүнү аяктап жатып, көркөм жасалга өнөрүн, устачылык, узчулук, зергерчилик өнөрүн аркалап белгилүү ишмерлер жөнүндө билүүсү, архитектуралык курулуштар жөнүндө келечектүү образдуу кыялдануулары, улуттук баалуулуктардын маанисин терең түшүнүп, сыйлай билүүгө үйрөнүүсү жөнүндөгү маалыматтар аныкталды. Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхындагы жашоо шарты, диний көз караштарына байланыштуу көркөм сүрөт өнөрүнүн бардык түрлөрү менен алектенүүсү, ал аркылуу элдердин рухий жана социалдык-экономикалык турмушун чагылдыруусу, окуучулардын мындай баалуулуктарды көркөм сүрөт өнөрү аркылуу үйрөнүүсү макаланын мазмунун түзүп турат. Көркөм өнөр предмети боюнча программанын мазмунунда камтылган темалардын негизинде окуучунун ишмердүүлүгү анализденди.*

***Негизги сөздөр:*** *сүрөт, көркөм өнөр, устачылык, узчулук, зергерчилик, мектеп курсу, окуучу, жыйынтыктоочу этап, предмет, программа, талап, окуу курсу.*

*В этой статье описываются знания, умения, навыки учащихся на заключительном этапе школьного курса предмета искусство. Также, в соответствии с требованиями программы, определены сведения о том, что учащиеся седьмых классов, завершая освоение данного предмета, овладевают художественно-декоративным искусством, ремеслом, рукоделием, ювелирным искусством, узнают об известных деятелях, имеют перспективные образные представления об архитектурных сооружениях, глубоко понимают и уважают значение национальных ценностей. Условия жизни кыргызского народа на протяжении многовековой истории, занятия всеми видами изобразительного искусства, связанные с религиозными убеждениями, отражение через них духовной и социально-экономической жизни народов, усвоение учащимися таких ценностей через изобразительное искусство составляют содержание статьи. Проанализирована деятельность учащихся по предмету искусство на основе тем, охватываемых содержанием программы.*

***Ключевые слова:*** *живопись, искусство, ремесло, рукоделие, ювелирные изделия, школьный курс, ученик, заключительный этап, предмет, программа, требование, учебный курс.*

*This article describes the knowledge, skills, and abilities of students at the final stage of the school course of the subject art. Also, in accordance with the requirements of the program, information is determined that students of the seventh grade, completing the development of this subject, master the artistic and decorative arts, crafts, needlework, jewelry, learn about famous figures, have promising imaginative ideas about architectural structures, deeply understand and respect the meaning of national values. The living conditions of the Kyrgyz people throughout the centuries-old history, the practice of all kinds of fine arts related to religious beliefs, the reflection of the spiritual and socio-economic life of the peoples through them, the assimilation of such values by students through the visual arts constitute the content of the article. The activity of students on the subject of art is analyzed on the basis of the topics covered by the content of the program.*

***Key words:*** *painting, art, craft, needlework, jewelry, school course, student, final stage, subject, program, requirement, training course.*

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде башталгыч класстардан тартып көркөм өнөр предмети окутулат. Биз буга чейин көнүп калган сүрөт сабагы ушул көркөм өнөр предмети деп аталып калганына көп эле болду. Аталган предметтин минтип аталып калышын мектептерде предметтерди окутуунун мамлекеттик стандарттары жетиштүү аргументтер менен бекемдеген.

Белгилүү психолог С.Л. Рубинштейндин түшүнүгүндө «окуучунун билим берүүнүн субъектиси катары компетенциясы анын мектептеги билим-тарбия процессинен алган жетишкендиктери, же болбосо, ээ болгон сапаттары аркылуу көрүнөөрүн» [6] айтат. Анын пикиринде окуучунун ээ болгон сапаттары анын «окуучулук компетенциясын» аныктайт.

Көркөм өнөрдүн (искусствонун), анын ичинде, сүрөт өнөрүнүн каражаттары аркылуу окуучулардын речтик-коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу проблемалары Н.И. Болдырев, И.Е. Марьенко, С.Р. Раджабов сыяктуу орус окумуштууларынын жана Д.А. Акматов, Н.Ө. Дөөлөтбаева, А.З. Бөлөкбаева сыяктуу кыргыз окумуштуу-методисттеринин бир катар эмгектеринде толук чагылдырылган. Аталган проблема боюнча кандидаттык диссертациялар да корголгон.

Көркөм сүрөт өнөрү окуучулардын коммуникативдик компетенциясын (оозеки жана жазуу речтик ишмердүүлүгүн, баарлашуу көндүм-адаттарын) калыптандыруу ишинде педагогикалык жана дидактикалык манилүү роль ойнойт. Андыктан, учурдагы программанын мазмунун анализдеп көрөлү.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Көркөм өнөр предметинин колубуздагы акыркы программасынын (авторлору: Д.Акматов, И.Бакиров ж.б.) талаптарына ылайык аталган предметти биринчи класстан жетинчи класска чейин окутуунун болжолдуу план-программасын сунуш кылган. Ага ылайык биринчи класста жумасына бир (жалпы 34 саат) саат «Адам жана табият» деген жалпы теманын астында окутулса, экинчи класста «Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү» деген жалпы теманын астында жумасына бир саат, үчүнчү класста 34 саат «Ата-бабалардан калган мурас» деген теманын астында төрт чейрек, төртүнчү класста «Мурастар жана келечектеги дизайн» темасы, бешинчи класстын жылдык темасы «Көркөм өнөр жана жыл мезгилдери», алтынчы класстын жылдык темасы «Түстөрдүн табияттагы табышмактуу сырлары» деген аталышта жумасына бир саат убакыт менен окутулат [1].

Ал эми биздин чакан макалабыздын объектиси болгон класс – бул көркөм өнөр предметинин мектеп курсундагы *жыйынтыктоочу этабы,* же болбосо, *жетинчи класс.* Бул класста деле буга чейинки салт бузулбай, жумасына бир саат менен жыл ичинде 34 саат окутулат экен. Мектептин жетинчи классынын, б.а., көркөм өнөр предметин өздөштүрүүнүн акыркы этабындагы жалпы тема «Адам жана сулуулук» деп аталып, программанын талап-критерийлерине ылайык «көркөм өнөр предметинин жыйнтыктоочу классындагы окуу материалы буга чейин окуп үйрөнүлгөндөрдү жалпылоочу жана кеңейтүүчү мүнөзгө ээ. Окуучуларга бул предмет кийинки класстарда окулбаганы менен, алган билимдер, үйрөнгөн өнөр ар бир инсанга өмүр бою кызмат кыла тургандыгын жеткиликтүү түшүндүрүү зарыл. Бул класста адамдын турмушундагы чыныгы сулуулуктун эмне экендигин жана анын маанисин түшүндүрүү. Балдардын көркөм табитин алардын жасаган иштеринен байкап, анализ жүргүзүүнүн негизинде көркөм сулуулукту сезе билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулат» [2].

Программанын койгон талаптарына ылайык жетинчи класстын окуучулары аталган предметти өздөштүрүүнү аяктап жатып төмөнкүдөй билим, билгичтиктерге ээ болуулары керек: көркөм жасалга өнөрүнүн мурункусу, азыркысы жана келечеги, устачылык, узчулук, зергерчилик өнөрүн аркалап белгилүү ишмерлер жөнүндө билет; жаратылыштын табышмактуу кубулуштары тууралуу маалыматтарды билишет; архитектуралык курулуштардын келечектүү образдуу кыялданууну билишет; улуттук кийимдин маанисин аныктайт жана сыйлай билет. Ал эми жетинчи класстын окуучусу ээ боло турган көндүм-адаттар булар: адам турмушунда колдонулуп келген буюм-тайымдардын дүйнө элдеринин кызыгуусун жаратып жаткандыгын, ага карата болгон талаптарды ишке ашырууга багыт алат; жаратылыштын табышмактуу сырлары тууралуу баарлашып, талкуулашат; келечек тууралуу кыялданып, түшүнүгүн билдире алат; кийимдерди классификациялайт, алардын жаңы үлгүлөрү тууралуу талкуулашат [2].

Программада темалардын чейректерге жайгаштырылышына көңүл буруп көрөлү: Биринчи чейректе (сентябрь-октябрь) китеп графикасы тууралуу жалпы маалыматка; театр искусствосу тууралуу; цирк өнөрүнүн көркөм искусстводогу ролу тууралуу; адам баласынын сулуулугу табият менен гана (пейзаж) ажарына чыгаары тууралуу; көркөм сулуулуктун биздин жашоо турмушубуздагы ролу, маниси тууралуу малыматтарга ээ болушат. Бул окуу материалдарын өздөштүрүүгө программа 9 саат караган. Экинчи чейректе (ноябрь-декабрь) «Жаратылыштагы табышмактуу кубулуштар» деген темада реферат жазуулары керек; эмблема туралуу түшүнүктөрүн кенейтүү, мына ар бир окуучу өз алдынча жана топтордо иштөө көндүмдөрүнө ээ болушу керек; силует (көлөкө) жана табышмактуу тамчылар тууралуу маалымат алышат; папье-машье, жемиштер, бет каптар (маска) тууралуу маалыматка ээ болуу; шрифттер жана алардын түрлөрү тууралуу маалымат; панно. «Жаңы жылыңыздар менен!» темасында иштөө усулдарына ээ болушат. Буларды өздөштүрүүгө программа сегиз саат караган. Үчүнчү чейректе (февраль-март) жаратылыштагы жаныбарлар жана алардын салган үйлөрү тууралуу маалымат; архитектура; «Боз үй жана табият» темасы; архитектура, келечектеги фантастикалык курулуштар тууралуу маалымат; «Орто Азия архитектурасы» деген темада реферат жазуу; «Суу астындагы жашоо» темасында кыялдануу (фантазия); «Дизайн» темасы; кагаз пластикасы (открытка, архитектура); «Бедиз» деген эмне (рельеф, баральеф, горельеф); «Кел, Нооруз» майрамдык маанайдыгы айлана чөйрөнү жашылдандырууга арналган плакаттар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болушат. Буга программа тарабынан жалпы он саат убакыт каралган. Ал эми төртүнчү чейректе (апрель-май) «Ата Мекенди коргоо» деген темада согуштук (баталдык) окуяларды камтыган жанр тууралуу маалымат; көркөм өнөр жана музыка дүйнөсүнө арналган композиция тууралуу; «Кыргыз жери» темасында пейзаж тартуу; монотипия техникасы тууралуу билим-билгичтиктер; белекке берилүүчү сувенирлер тууралуу маалымат; нумизматика (тыйын, медаль) тууралуу маалыматка ээ болуу; улуттук баалуулуктар боюнча аткарылган иштерди жыйынтыктоо; сатык-көргөзмө уюштуруу иштери. Буларга программа жалпы сегиз саат убакыт караган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эгерде көркөм өнөр предметинин мектеп курсунун максатына ылайык «жалпы билим берүүчү орто мектептеринде көркөм өнөр предметин окутуунун максаты – курчап турган дүйнөнүн көрүнүштөрүн, кубулуштарын көркөм кабылдоого, андагы жан-жаныбарларга аяр мамиле кылып, камкордук көрүүгө, адам баласынын турмушундагы ак-караны ажырата билип чын дилинен эмгектенгенге, көркөмдүктү, сулуулукту өз колдору менен жарата билүүгө окуучуларды үйрөтсө, ошондой эле, жаратылышты, тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоого, курчап турган чөйрөнү көркөмдүк жактан байытууга окутуп, шыктандырып активдүүлүккө багыттаса, көркөм өнөр предметин окутууда окуучуларды гумандуулукка, толеранттуулукка, өз мекенин сүйүүгө, коргоого, өз эли, өлкөсү менен сыймыктанууга тарбияласа» окуучулардын алган мындай билимдери максатка ылайыктуу деген бүтүмгө келүүгө болот [2]. Эми ошол максатты ишке ашыруу үчүн предмет кандай милдеттери аткарышы керек: көркөм өнөргө болгон кызыгууларын арттырып, чыгармачылык шыгын өнүктүрүү; улуу муундардын мурастарын баалап жана сактай билүүгө умтулуу, алар менен сыймыктануу сезимдерин тарбиялоо; көркөм маданияттын кубулуштарын жана алардын коомдогу ролун түшүндүрүү; көрүү сезими аркылуу кабыл алууну, түстөрдү талдай билүүнү, композициялык маданиятты, кеңири ой-жүгүртүүнү, байкоо аркылуу элестете билүүнү өнүктүрүү; көркөм өнөр боюнча билимдерин, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандыруу; алган билимдерин күндөлүк жашоо-турмушунда көркөм-сулуулуктун мыйзам ченинде колдоно билип, аткарган иштеринен ырахат алуу сезимин өстүрүү; көркөм өнөр багытында кесиптик багыт алуусун камсыз кылуу; көркөм өнөр предметинин коомдогу жана жашоо турмушубуздагы маанисин, баалуулугун түшүндүрүү болсо, анда окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик жана көндүм-адаттарга ээ боло алышат:

- Жумушчу орунду туура уюштуруп, түрдүү көркөм сөз каражаттары менен иштегенди үйрөнүшөт;
- Сүрөт өнөрүнүн түрлөрүн жана жанрларын билишет;
- Көркөм чыгарманы талдоонун эрежелерин өздөштүрүшөт;
- Көркөм өнөр жана өнөр таануу терминдерин билишет;
- Сүрөт өнөрүнүн (живопись, скульптуранын) жана архитектуранын ар кайсы түрлөрүн, өзгөчөлүктөрүн айырмалай алышат;
- Өзүнүн чыгармачыл ой туюмун, кыялын жүзөгө ашыруу үчүн ар түрдүү ыкмаларды пайдаланышат;
- Көркөм өнөрдүн негизи мыйзамдарын: жайгаштыруу (компоновка), перспектива, деңгээл сызыгы, ыргак, түс, өң, композиция жана башкаларды колдоно билип жана аларды өз чыгармачылыгында пайдаланышат;
- Чыгармачылык аркылуу өз дараметин ачып, туюнта билишет;
- Дүйнөлүк жана Ата мекендик маданияттын чыгармаларына карата өзүнүн нарктуу (баалуулукка негизделген) оюн жана мамилесин айтып берүү, талдоо боюнча болгон сөз байлыктарын арттырышат;
- Дүйнөгө карата мамилесин, көз карашын өзүнүн чыгармачылыгы аркылуу билдиришет;
- Кыргыз элинин тарыхый, маданий жана көркөм салттарын сыйлоо, Кыргызстандагы бардык элдеринин чыгармачылык мурастарын баалап, сактаганга үйрөнүшөт.
- Алган билим, ык, көндүмдөрүн чөйрөнү эстетикалуу түрдө уюштурууда пайдалана билүүсү, окуучулардын чыгармачылыкка болгон кызыгуусун арттырууга чоң өбөлгө түзөт.

Ошентип, жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде көркөм сүрөт өнөрүн толук өздөштүргөн окуучу жогоруда саналган билимдерге, билгичтиктерге, көндүм-адаттарга ээ болсо, анда республикада жалпы билим берүү мызамы, предмеетик билим берүү концепциясы жана окуу программасынын талаптары толук аткарылды деп кесе айтууга толук негиз бар. Анткени, көркөм өнөр боюнча иштелип чыккан программа окуучулардын эстетикалык билимин жогорулатууда улут маданиятынын баалуулугунун негизин билүү аркылуу дүйнөлүк көркөм маданиятты үйрөнүүгө жол ачат. Көркөм өнөр башка предметтерден айырмаланып өзүнүн универсалдуулугу жана түрдүү улуттардын өзгөчөлүгүн эске алганы менен баалуу. Предметтин мектептеги ар бир баскычынын максаттарын, милдеттерин эске алганда окуучулар көркөм өнөрдүн негизги түрлөрүн аңдап-билип, чыгармачылык изденүү иштерине болгон ой жүгүртүүсү кеңейет. Бул алардын чыгармачыл дареметин ачууга жана көркөм ишмердикти ишке ашыруу ыкмаларын өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт. Жалпы адамзаттык жана улуттук маданиятты окуп-үйрөнүү көркөм чыгармаларын талдоо окуучулардын маданий ар түрдүүлүктү баалап, өзүнүн маданий шайкештигин аныктоого үйрөтөт. Көркөм мурастарды талдоо акыл-эс жагынан жетилүүгө көмөктөшүп, эмоциялык, эстетикалык тажрыйбаны өздөштүрүү аркылуу көркөм табиттерин калыптандырат. «Көркөм өнөр» (искусство) - билим берүү тармагынын алкагында окуучулардын көркөм эстетикалык дүйнө таанымын алардын жалпы адам-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



заттык жана улуттук маданият дөөлөттөрүн өздөштүрүүсү аркылуу калыптандырууга багытталат. Мектеп окуучуларынын көркөм табитин өстүрүүдө адам турмушундагы ар кыл өнөрдүн негизинде чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө, дүйнөнүн көркөмдүгүн таанууга, эстетикалык жактан компетенттүүлүгүнүн калыптанышына шарт түзүп, өз алдынча маселелерди чече билүүгө үйрөнүшөт. Ар бир класс үчүн окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен элибиздин көп кылымдардан бери калыптанып келген тарыхый, маданий мурастарын жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен айкалыштырып, түрдүү көркөм каражаттардын жардамы менен чыгармаларды жаратып, изденүүгө шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик били берүүнү жаңылоонун концепцияларында көрсөтүлгөндөй көркөм өнөр аркылуу окуучуларга эстетикалык тарбия берүү – түпкүлүгүндө чыгармачыл инсанды тарбиялап чыгаруунун негизги фактору болуп саналат [2]. Ошентип, мектеп окуучуларында коммуникативдик компетенциянын жана речтик маданияттын калыптануу маселелери, көркөм сүрөт өнөрү предметинин мазмунун толуктоо зарылдыгын жаратат.

**Адабияттар:**


1. Акматов Д.А. Бердибаева С. Маркова Р.А. Көркөм өнөр булагы. Б.: Педагогика, 2002.
3. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-6-класстары үчүн көркөм өнөр предмети боюнча программа. - Б., 2015.
4. Волков Н.П. Приобщение школьников к творчеству: из опыта работы. - М.: Просвещение, 1982.
5. Достовцев Н.Н. Методика преподавание изобразительного искусства в школе. 2-изд. - М.: Просвешение, 1980.
6. Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү: живопись, скульптура, графика, сценография, көркөм колдонмо өнөрү. - М.: Галарт, 2013.
7. Рубинштейн, С.Л. Основы общей психологии в 2 томах / С.Л. Рубинштейн. [Текст]. - М.: Педагогика, 1989.
8. Джакыпов К.К. Искусство комуза в исторических и педагогико-эстетических условиях. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 7. С. 196-200.
9. Мамбеталиев Ж.Т. Көркөм өнөр предметин орто мектептерде окутууда сабактын максатын окуучулардын позициясынан коюу. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 5. С. 234-238.
10. Мамбеталиев Ж.Т. Оценка выполненной работы учащихся на занятиях художественного искусства. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2011. №. 4. С. 221-223